● Финансы




# Улуттук банк: сомубуздун солкулдашына себептер жок!

**11-февраль негизинен нефть продуктыларына баалардын акыркы жылдардагы жогорулугунан улам экономикасы буга чейин туруктуулуктун бекем запасына ээдей болуп келген кошуна Казакстандын жашоочулары үчүн аз жерден "кара шейшембиге" айланып кете жаздады. Бир эле күндө кошуна өлкөнүн валютасы – теңге дароо 19 пайызга арзандап, курсу 1 долларга 155 теңгеден 185 теңгеге чейин түштү. А жыл башынан бери 20,1%га кулаган.**

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,
"Кыргыз Туусу"

## Теңгенин кескин кулашына эмне себеп?

***Россиялык айрым аналитиктер мунун себебин Россиянын валютасы – рубль менен байланыштырып жибериши. Себеби Казакстан Россия жана Беларусь менен бирге Бажы союзунда эмеспи, а Россиянын өзүндө рублдин курсу боюнча белгисиздик сакталып турат.***

Ал ортодо Казакстандын Улуттук банкы өздөрүнүн валютасынын девальвациясынын бир нече себептерин атады. Биринчиден, бул жалпы дүйнөлүк тенденциядан улам. Анткени, АКШнын Федералдык резервдик системасы (ФРС) өткөн жылдын май айынан баштап "сандык жумшартуу программасы" деп аталган ак-чалай стимулдоо программасын кыскарта баштаган. Ага ылайык, ар бир 1,5 айда жүгүртүүдөн 10 миллиард доллар алынып салып жатат. Бул жүгүртүүдөгү доллардын санынын азаюусуна алып келүүдө. Экинчиден, алсыз теңге экономиканын өнүгүүсүнө жагымдуу таасир этмекчи.

Кошуна өлкөнүн башкы банкы улуттук валютанын девальвациясын Казакстандын экономикасынын глобалдык рынокко тыгыз интеграциялануусу жана дүйнөлүк финансы жана товардык рыноктордогу кырдаалды эске алуу зарылдыгы менен да түшүндүрдү. Учурда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн капиталдын өнүккөн өлкөлөргө кайра агылуусу жүрүп жатат, бул өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн валюталарына басымдын өсүшүнө алып келген.

Дагы бир себеп – Казакстандын төлөм балансынын абалы. Утурумдук операциялардын эсеби оң болгонуна карабастан, импорттун өсүшү, эң башкысы – ал өсүш керектөө товарларынын импортунун өсүшүнүн эсебинен болушу байкалууда. Ошол эле учурда алдыдагы девальвациядан улам кызыл кулактык операциялардын күчөшүн да девальвациянын себептери катары карашууда. Буга байланыштуу Казакстандын өкмөт башчысы Серик Ахмедов өзү өткөргөн кеңешмеде мындай аракеттерге кескин бөгөт коюу талабын тиешелүү мамлекеттик чиновниктерден талап кылды. Ал нефть продуктыларына жана күнүмдүк керектөөчү товарларга баалардын негизсиз көтөрүлүүсүн катуу көзөмөлгө алуу зарылдыгын да эскертти.

Бирок, азыркы рынок экономикасында мындай административдик кийлигишүү эч кандай оң натыйжа бербейт. Казакстанда супермаркеттер 11-февраль күнү соода кылууну токтотушуп, а эртеси жаңы баалар менен соода кыла башташты.

Мындай "бакыттан" биздин негизги соода-экономикалык өнөктөшүбүз Россиянын рубли да четте калган жок. Өткөн жылы рубль долларга карата 7,5%га "жеңилдесе", быйыл жыл башынан бери эле 6,5%га девальвацияланган. Кечээ жакында өкмөттүн жыйынында Президент Владимир Путин өлкөнүн экономикасы нефть менен газга жогору баалардан улам алардан түшкөн кирешелерге негизделбестен, өндүрүштү өнүктүрүүгө басым жасоо зарылдыгын эскертти. Бажы союзунун дагы бир мүчөсү – Беларустун валютасы өткөн жылы мамлекет тарабынан колдоолорго карабастан 11,1%га девальвацияланган. Беларустун Улуттук банкы валютаны – беларусь рублин кармап калуу үчүн өзүнүн алтын-валюта резервдеринин дээрлик жарымын жумшаган, бирок, баары бир жылдык инфляция 180%га чейин жеткен.

Ошол эле учурда "жаман айтпай, жакшы жок" дегендей, кошуна өлкөлөрдөгү инфляциянын ички товар өндүрүүчүлөр үчүн пайдалуу экендигин айтышкан эксперттер да бар. Анткени улуттук валютанын девальвациясы алардын товарларынын конкуренцияга жөндөмдүүлүгүн жогорулатмакчы.


Сүйөркул Абдыбалы тегин жана Раушан Сеиткасымова

## А биздин сом эмне болмокчу?

***"Баурдастардын" валютасынын курсунун кыска мөөнөттө кескин кулаганы соода-экономикалык тыгыз байланыштарга ээ болгон биздин мамлекеттин жарандарын да, жумшагыраак айтканда, бир топ толкундатып жиберди.***

Биздин транспаренттүү валюта рыногубузда аз жерден кызыл кулактыкка жол берилип кете жаздады. Буга байланыштуу кооптонгон билдирүүлөрдү парламенттин депутаты Дастан Жумабеков жана КРнын Рыноктордун жана соода жана кызматтар чөйрөсүнүн ишканаларынын ассоциациясынын президенти Сергей Пономарев да айтып чыгышты.

– Кандай болгон күндө да биздин валюталык рынокто доллардын дефицити келип чыкпашы үчүн Кыргызстандын эл аралык резервдери жетиштүү, – деп комментарий берди *Улуттук банктын төрайымынын орун басары Сүйөркул Абдыбалы тегин* журналисттерге. – Казакстандан алмашуу үчүн бир миллиард теңге алып келсе да бизде доллар жетиштүү санда калмакчы.

Ал учурдагы абалга карата Улуттук банк белгилүү бир чараларды оперативдүү көргөнүн да билдирди. 11-февраль күнү башкы банк тарабынан валюта рыногуна 27,13 миллион доллар интервенция жасалган. Бул биздин сомдун долларга карата курсунун кайрадан стабилдешүүсүн жана мурдагы калыбына келишин камсыздаган.

Негизи былтыркы жылы жыл жыйынтыгы боюнча сомдун түшүшү 3,9 пайыз болсо, быйыл жыл башында сезондук себептерден улам сом бир топ алсыздана түшкөн. 12-февралга карата девальвация 4,2% болду. Ошондуктан Улуттук банк 21-январда – 9,9 миллион доллар, 24-январда – 17,5 миллион доллар, 5-февралда – 7,25 миллион доллар интервенция жасаган. Ошентип кечээ жакынкы 27,13 миллион доллар интервенцияны кошо алганда, жыл башынан беркти сатуулар жалпысынан 62 миллион долларды түзгөн.

Бул азбы же көппү? С.Абдыбалы тегин салыштыруу үчүн Улуттук банк 2009-жылдын биринчи кварталында 156 млн.доллар, 2010-жылдын биринчи кварталында 52,35 миллион доллар, 2011-жылдын биринчи кварталында – 62,45 миллион доллар интервенциялар жасалгандыгын айтты. Мындан улам жыл башындагы мындай девальвациялык процессти жаңылык катарында кароого болбой тургандыгын түшүнүүгө болот.

– Сомдун курсунун төмөндөшүнө АКШнын Федералдык резервдик системасынын (ФРС) доллардын санын азайтуу же баалуулугун арттыруу боюнча программасы да таасирин тийгизди, – дейт **С.Абдыбалы тегин.** – Жакында ФРСтин жаңы жетекчиси бул курсту уланта тургандыгын билдирди. Ошондуктан доллардын курсу бардык дүйнөлүк валюталарга карата жогорулоодо. Мисалы, АКШ доллорына карата былтыр Австралия доллары – 14%га, жылдын башынан бери Канада доллары – 7%га жакын арзандаган.

Мындан тышкары, ар жылдын башындагы сезондук факторду да эске алуу керек. Экспорттук берүүлөр төмөндөйт. Инфляция ар жылы ар кандай болот.

Мен Россия менен Казакстандагы валюталык курстардын эмнеге негизделгенине токтолуп кетким келет. Эки өлкө тең алдын-ала валюталык коридорду аныкташат. Анан, анын чектеринде улуттук банктары валюталык рынокто аракеттенишет. Коридордон сыртка чыгып кетүүгө жол беришпейт.

А бизде таптакыр башка режим. Бизде валюталык коридор жок. Алмашуу курсун валюталык рыноктун катышуучулары өздөрү аныкташат. Улуттук банк валюталык рыноктун багытын ээрчийт. Ошондуктан рынок өзү, анын ичинде болуп жаткан тенденцияларга жараша, аракеттенет.

Бул жолу да валюталык рынок болуп өткөн окуяга көнүл бурду. Биз кескин өйдө-төмөн секириктер болуп кетпеши үчүн кийлигиштик. Биз 11-февралда рынокто болгон бардык суроо-талапты канааттандырдык. Бул оң таасир берип рынок тынчтана баштады.

Тынчсызданууну негизи жок экендигинин дагы бир себеби – бизде Россия менен Казакстандагыдай ири экспорттоочулар жок. Биздин экономика негизинен орто жана кичи бизнеске негизделгендиктен анда валютанын кескин девальвациясы өзүн актабайт.

Экинчиден, биз Россия менен Казакстандан ири көлөмдөрдө импорттогон негизги товарларды, мисалы, нефть продуктыларын жана буудайды, алар ансыз да доллар менен сатышат. Ошондуктан алардын баасы өзгөрбөйт. Эгерде биз сомду кескин девальвацияласак, анда биздин керектөөчүлөргө терс таасирин тийгизмек.

Бизде өткөн жылдагы экономикалык көрсөткүчтөр жакшы болгон. "Кумтөрдөгү" өндүрүштүн калыбына келиши менен экспорт жакшы болду. Акчалай которуулардын темпи да жогору бойдон калууда. Бизден акчалардын сыртка которулушу өтө жогору болду, ал 40%дай өскөн. Биз аны изилдеп көрдүк, ал бизде иштеген башка өлкөлөрдүн жарандарынын өздөрүнүн өлкөлөрүнө аз да болсо акчаларды которуусунан жана, эң негизгиси товарларга төлөө үчүн акча которуулардын болушу менен түшүндүрүлөт.

Дагы кайталап айтсам, өткөн жылдагы экономикалык көрсөткүчтөрүбүз жакшы. Экономикалык өсүш 10,5%, "Кумтөрдү" эсепке албаганда да 5,8% өсүш бар. Банктардын кассаларында 80 миллиондон ашуун доллар бар, ал эми корреспонденттик эсептерди кошо алганда 200 миллиондон ашып кетет. Бул мурдагы жылдардагы орточо көрсөткүчтөрдөн ашыкча.

Бизде 2013-жылдын декабрында жүгүртүүлөр 2012-жылдын декабрына салыштырмалуу жогору болду. Январда да жогору болду. Бул жагынан алганда да кескин секирик үчүн негиз жок. Ырас, айрым бир белгисиздик бар, бирок ал биздин экономика жана биздин аракеттер менен эмес, тышкы шокторго байланышкан.

Бул факторлордун баарын эске алуу, ар айлык маалыматтарды изилдөө менен биз сомдун курсунун кескин өзгөрүшү үчүн себептер жок деп эсептейбиз. Ушундан улам азыркы сомдун курсунун бир аз төмөндөөсү - бул жөн гана рыноктун Казакстанда болуп жаткан процесстерге көңүл буруусу. Демек, биздеги казак тенгесинин курсунун калыбына келиши үчүн убакыт гана керек.

Ошондуктан сомдун курсунун кескин төмөндөшү үчүн себептер жок, биз ага дайыма көз салып турабыз. Алмашуу бюролорунун аракеттерин контролго алабыз, эгерде кандайдыр-бир мыйзамсыз аракеттер болсо, тиешелүү чараларды көрөбүз.

Калкка айтарым – эң негизгиси, паникага берилбөө жана ошондой маанайда туруп чечимдерди кабыл албоо керек. Бир нече күндөн кийин Казакстандагы кырдаал белгилүү болот.

С.Абдыбалы тегиндин бул айткандарын тастыктоо менен теңгеге тиешелүү акыркы окуяларга байланыштуу кабатырланбоо зарылдыгын Улуттук банктын дагы бир адиси кошумчалайт.

– Улуттук банк валюталык рынокто дайыма кабыл алып турат, – дейт ***УБнын Акча-кредиттик саясат башкармалыгынын начальниги Раушан Сеиткасымова.*** – Ал валюталык рынокту мониторингдөө аркылуу жүзөгө ашырылат. Биз ал рынокто эмне болуп жатканын ар бир саатта, мүнөттө карап турабыз. Биздин экономикабыз ачык, ошондуктан дүйнөдөгү башка экономикаларда болгондор бизге таасирин тийгизет.

АКШнын ФРСынын жогоруда айтылгандай саясатынан улам, дүйнөдө акчалардын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн өнүккөн өлкөлөргө агымы башталды. Муну биринчи болуп өткөн жылдын экинчи жарымынан баштап Россия сезе баштады. Рублдин девальвациясы тездеди. Ал жакта фиксацияланган курс, валюталык коридор болгонуна карабастан, коридор кеңейди, рубль девальвацияланды.

Россия биздин соода өнөктөшүбүз болгондуктан, бул биздин рынокто сезиле баштады. Анча чоң эмес басым болду.

УБ жыл башында валютага суроо-талап, белгилүү бир басым болгонун көрүп, өз убагында оперативдүү валюталык интервенцияларды жасады. Биринчи интервенция дал ушул Россиядагы абал менен байланыштуу болгон.

Бизде, банктар ортосундагы ар жумалык соодалар 20 миллион доллардай. Январдын аягында бир жумадай тынчтык болуп калганын, биз сом бекемделе баштагандыгын байкай баштаганбыз. Ошентип жакында Казакстан тараптан шок башталды. Биз ошол эле күнү көңүл бурдук.

Улуттук банктын жетекчилеринин пикири мына ушундай. Аларга кошумчалай кетсек, азырынча өлкөбүздүн валюта рыногундагы акыркы абал алардын айткандарын тастыктап турат.